***Кыргыз Республикасынын***
***Улуттук статистика комитети***

***Экспресс- маалымат***
2017-ж. 11-сентябрь

## 2017-жылдын январь-август айларындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-августу 2016[1] январь-августуна карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-августу 2015 январь-августуна карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 282577,3 | 106,0 | 100,0 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 252759,9 | 103,6 | 101,8 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 144085,3 | 126,4[2] | 91,7[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 80689,9 | 121,4[2] | 100,5[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 10776,3 | 191,2[2] | 124,8[2] |
| Иштетүү өндүрүштөрү | 109144,8 | 124,0[2] | 89,8[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 22969,3 | 112,2[2] | 91,0[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1194,9 | 105,4[2] | 105,0[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукция-сы | 111954,6 | 101,1 | 101,6 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар | 64917,5 | 104,1 | 104,7 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 62533,6 | 105,6 | 106,1 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-августу 2016[1] январь-августуна карата пайыз менен[1] | Маалымдама: 2016[1] январь-августу 2015 январь-августуна карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүӊ жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 257459,0 | 103,9 | 106,7 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 142656,0 | 105,2 | 106,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 11669,5 | 107,5 | 106,6 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмү, миң тонна | 19303,1 | 101,8 | 103,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун, млн. адам | 455,5 | 103,4 | 103,7 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 447,9 | 104,5 | 76,3 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 15053,0 | 75,6 | 94,3 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 103,0 | 100,8 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 101,5 | | |
| - 2016-ж. июлуна карата | 103,8 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 62,6 | 110,8 | 100,5 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14777 | 106,2 | 111,0 |
| Тышкы соода жүргүзүү[4] | 3340,6 | 113,4 | 92,4 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 1301,7 | 114,7 | 80,1 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 950,5 | 127,1 | 90,9 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 324,7 | 132,7 | 119,9 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 2390,1 | 108,7 | 92,9 |
| анын ичинде ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери | 977,0 | 109,8 | 73,4 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-июль. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-июль (алдын ала маалыматтар боюнча).

# 2017-жылдын январь-август айларындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр жай.** 2017-ж. январь-август айларындагы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн жогорулашы металл кендерин казуунун (4,4 эсеге), негизги металлдарды чыгаруунун (32,0 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүүнүн (16,5 пайызга), башка металл эмес минералдык продуктуларын (15,6 пайызга), тамак-аш азыктарын өндүрүүнүн (15,5 пайызга), тазартылган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн (22,2 пайызга), кийим өндүрүүнүн (14,4 пайызга) ошондой эле электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (12,2 пайызга) өсүшү менен камсыздалды.

Ошону менен бирге кагаз жана картонду өндүрүүдө өткөн жылдын тиешелүү мезгилинин деңгээлинен (20,3 пайызга) артта калуу байкалды.

**Айыл чарбасы.** 2017-ж. январь-август айларында айыл чарба дүң продукциясынын өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү негизинен мал чарбасынын, ошондой эле дыйканчылык продукцияларынын өсүшүнөн келип чыкты.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү пайдалуу кендерди казып алуу объекттерин, иштетүүчү өндүрүштүн объекттерин курууда, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодо (жабдууда), суу менен камсыздоодо, таштандыларды тазалоо жана кайрадан иштетүүдө, дүң жана чекене соодада, мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүндө, маалымат жана байланыш, саламаттыкты сактоодо, ошондой эле, турак жай курулушунда байкалды.

Ошону менен бирге негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн төмөндөшү айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун, транспорт иши жана жүктөрдү сактоо, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу объекттерин курууда, башка тейлөө ишмердүүлүгүндө ошондой эле билим берүүдө байкалды.

Ички булактардын эсебинен түшкөн инвестициялардын көлөмү 5,5 пайызга, ал эми сырткы булактардан түшкөнү 0,6 пайызга өстү.

Инвестициялардын негизги көлөмү (жалпы инвестициялардын көлөмүнөн 70 пайызга жакыны) пайдалуу кендерди казуудагы, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодогу (жабдуу), транспорт ишинин объектилерин курууга багытталган.

**Соода.** Дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн көбөйүүсү (3,8 пайызга) дүң жана чекене сооданын (5,2 пайызга) көлөмүнүн өсүүсү менен камсыздалды.

**Баалар жана тарифтер**. Үстүбүздөгү жылы август айында өткөн айга салыштырмалуу бүткүл республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин 0,2 пайызга төмөндөшү белгиленген, бул негизинен алардын тамак аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга карата 1,4 пайызга төмөндөшү менен шартталган. Ү.ж август айында жаңы бышкан мөмө-жемиштердин баалары (17,2 пайызга), картошканын (12,3 пайызга), жаңы бышкан жашылчанын (6,6 пайызга), кум шекердин (1,1 пайызга), күрүчтүн (0,5 пайызга) жана ундун (0,4 пайызга) бааларынын төмөндөшү байкалган. Ошол эле учурда, ү.ж. август айында мурунку айга салыштырмалуу, калкка кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери жана баалары 1,4 пайызга, алкоголдук суусундуктарга жана тамекиге - 1,1 пайызга, азык түлүк эмес товарларына – 0,2 пайызга жогорулаган.

Ү.ж август айында өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин төмөндөшү Ош ш. (баалар бир пайызга жогорулаган) башка республиканын бардык аймактарында белгиленген.

Ушул жылдын башынан баштап (өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу) инфляциянын деңгээли республика боюнча керектөө секторунда 1,5 пайызды түздү. Баалар жана тарифтер тамекиге 19,3 пайызга жана кызмат көрсөтүүлөргө – 6,0 пайызга бир аз жогорулады. Муну менен бирге ү.ж август айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарларынын баалары - 0,5 пайызга жана алкоголдук суусундуктардын – 2,7 пайызга төмөндөгөн.

Ү.ж. башынан баштап керектөө бааларынын жана тарифтеринин эң көп өсүшү (5,8 пайызга) Ош облусунда белгиленген, ошол эле учурда алардын эң эле орточо жогорулашы Бишкек шаарында (0,7 пайызга) байкалган. Муну менен бирге ү.ж. январь-август айларында башка региондорго салыштырмалуу Ош облусунда тамак аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктарынын (5,6 пайызга), азык-түлүк эмес товарларынын (4,6 пайызга) жана тамекинин (1,6 эсеге) бааларынын эң көп өсүшү белгиленген, ал эми Бишкек ш. кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары (8,8 пайызга).

**Тышкы экономикалык иштер.** 2016-ж. январь-июлу менен салыштырганда 2017-ж. январь-июлунда экспорттук жеткирип берүүлөр 27,1 пайызга жогорулаган, бул сүт жана сүт азыктарын 3,4 эсеге, айнекти 2,3 эсеге, кургатылган жемиштерди 2,3 эсеге, кийимдерди - 2,3 эсеге, монетардык эмес алтынды 32,3 пайызга жеткирип берүүнүн жогорулашына байланыштуу болду.

Ошол эле учурда транспорттук каражаттарды 27,8 пайызга, руда жана шлактарды – 7,8 пайызга алып чыгуунун төмөндөшү байкалган.

Импорттук түшүүлөрдүн жогорулашы жыгач жана андан жасалган буюмдарды 2,6 эсеге, фармацевтикалык продукцияларды 36,1 пайызга, трикотаж кийимдерин 24,7 пайызга, кара металлдан жасалган буюмдарды 18,7 пайызга, электрдик машиналарды жана жабдууларды алып келүү – 10,3 пайызга жогорулашы менен шартталды.

Муну менен бирге жер үстүндө жүрүүчү транспорттук каражаттарды алып келүү 27,3 пайызга, кондитердик азыктарды жана кумшекерди– 23,1 пайызга, малдын же өсүмдүк майын – 12,3 пайызга.

2017-ж. январь-июлунда *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара сооданын көлөмү* 1301,7 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-ж. январь-июлуна салыштырганда 14,7 пайызга жогорулады. Мында экспорт – 32,7 пайызга, импорт – 9,8 пайызга жогорулады.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодада эң көп үлүш Россияга (60,2 пайыз) жана Казакстанга (38,1 пайыз) туура келди.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен эркектердин трикотаждык кийимдерин (1,7 эсеге), пиязды жана чеснокту (5,6 эсеге), кургатылган жемиштерди (2,5 эсеге), сабизди (2,6 эсеге), өрүктү (1,7 эсеге), ошондой эле машинанын шаймандарын (3,9 эсеге) чыгаруу көбөйдү.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен үй канаттууларынын этин 4,4 эсеге, дөңгөлөктөрдү – 2,9 эсеге, кондитердик азыктарды жана кумшекерди 2,7 эсеге, нан жана ун азыктарын – 43,8 пайызга, шоколад жана башка даяр тамак аш азыктарын – 24,0 пайызга киргизүү көбөйдү. Ошол эле учурда, күн карама майын киргизүү 38,1 пайызга төмөндөдү.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен айнекти 2,3 эсеге, эркектердин трикотаждык кийимдерин 1,5 эсеге, сүт жана сүт азыктарын – 3,8 эсеге, мөмө-жемиштерди 1,6 эсеге, электрдик машиналарды жана жабдууларды – 2,3 эсеге алып чыгуу көбөйдү.

Айрым товарларды алып чыгуунун өсүшү менен бирге, товарлардын экспортунун 36 пайыздан көбүн ээлеген, руда жана шлактарды алып чыгуу 22,9 пайызга төмөндөшү байкалган.

Казакстандан алынып келген товарлардын ичинен коон жана дарбызды 6,3 эсеге, макарон азыктарын – 3,3 эсеге, маргаринди – 42,1 пайызга, күн карама майын 19,9 пайызга, жуучу жана тазалоочу каражаттарды – 14,2 пайызга, ошондой эле кондитердик азыктарды 6,6 пайызга алып киргүнүн көлөмү өстү.

Ошол эле учурда косметикалык каражаттарды алып келүү 1,5 эсеге, буудай унун – 43,2 пайызга, буудайды – 42,7 пайызга, күрүчтү – 7,7 пайызга төмөндөгөн.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*



# Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын биринчи орун басары** **А.Т. Оросбаев**